КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ ЖАНА БИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ

И.Раззаков атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжи

"Бекитемин"
И. Раззаков атындагы
КМТУнун Политехникалык
колледжинин директору
Турусбекова Н.К.
"_01_" ____ 20__ж.

"Макулдашылды"
И. Раззаков атындагы
КМТУнун ректору
Джаманбаев М.Дж. ________
"____" __________20__ж.

"Макулдашылды"
И. Раззаков атындагы
КМТУнун камкордук кеңеши
Буйрук № "____" __________20_ж.
Төрага
Мураталиев А.М. ________
"____" __________20__ж.

"Макулдашылды"
И. Раззаков атындагы
КМТУнун финансы комитети
Буйрук № "_5_" _04.12_ 2015ж.
Төрага
Галбаев Ж.Т. ________
"____" __________20__ж.

"Макулдашылды"
И. Раззаков атындагы
КМТУнун Профсоюздук комитети
Төрага
Суюмбаева А.А. ________
"____" __________2016 ж.

# И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин кызматкерлеринин эмгек акысы жөнүндө

## ЖОБО

Бишкек 2016 ж.

# 1. Жалпы жоболор

1.1. И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Политехникалык колледжинин (мындан ары колледж) кызматкеринин эмгек акысы жөнүндө Жобо (мындан ары Жобо) Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексине, Кыргыз Республикасынын “Билим жөнүндө” мыйзамына, КМТУнун Политехникалык колледжинин Уставына, И.Раззаков атындагы КМТУ жана КМТУнун Политехникалык колледжинин ортосундагы 2014-жылдын 14 – майындагы № 103/14 Келишиминин жана И.Раззаков атындагы КМТУнун жана колледжинин башка жердин актларына ылайык иштелди.

1.2. Жобо колледждин кызматкерлеринин эмгек акысын өркүндөтүү, өзүнүн эмгегинин аяккы көрсөткүчтөрүндө алардын материалдык кызыкчылыгын күчөтүүгө кабыл алынат жана эмгектин сапатын жогорулатууну, жакшыртууну стимулдаштырууга багытталат.

1.3. Жобо багыттайт:

— Колледжде эмгек акысынын системасын жана формасын.

— Стимулдаштыруу мүнөзүндөгү кошумча төлөө жана үстөктү, сыйлыкты эсептөө тартиби жана түрлөрү;

— кызматкерлерге материалдык жардамды төлөө

1.4. Ушу Жобунун күчү коллеждин бардык кызматкерлерине, бирге алып баруучуларга кошо жайылтылат.

1.5. Айрым адистерге жана бөлөк эмгек келишиминдеги (контракт) кызматкерлерге эмгек акысынын баалап иштөө формасы белгиленет.

1.6. Жалдоочу кызматкерге фактыларга негизделген аткарылган иши, ошондой жумуш убактысына кирген мезгилдер үчүн төлөп берүүгө милдеттүү акча бирдигинде эсептелген сыйлыктардын жыйындысы кызматкерлердин эмгек акысы болуп саналат. Колледждин кызматкерлеринин айлык эмгек акысы туруктуу жана өзгөрмө бөлүктөрдөн турат.

1.7. Эмгек акынын туруктуу бөлүгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн №18 19.01.2011-ж. Токтомуна ылайык аныкталчу кызматтык оклад болуп эсептелет.

1.8. Өзгөрүлмө бөлүгү өзүнө камтыйт: .

- кошумча акылар жана кошумча төлөөлөр;
- сыйлыктар;
- материалдык жардам.

Эмгек акынын өзгөрмө бөлүгү тарифтин үстүнө кошулуучу бөлүгү болуп саналат жана ал эмгек акы төлөөнүн гарантияланган бөлүгү болуп эсептелбейт. Колледждин директору тарабынан ар бир кызматкерлердин эмгекке болгон мамилесине, берилген тапшырманы аткаруудагы активдүүлүгүнө, эмгектин интенсивдүүлүгүнө жана башка факторлорду эске алып, баалоо менен эмгек акынын үстүнө кошумча төлөө, материалдык көмөк көрсөтүүнү аныктайт.

Колледждин жетекчиси тарабынан кызматкерлер эмгегинин натыйжасына, санына, сапатына жараша жана колледждин финансылык акыбалына карата жана башка факторлорго таянып берилүүчү сыйлыктын көлөмүн жетекчи аныктайт жана ошондой эле бул жетекчинин милдети эмес, укугу болуп саналат.

1.9. Эмгек акысы жөнүндөгү ушу Жобо колледж менен эмгек мамилесинде турган бардык кызматкерлерине жайылтылат.

## 2. Негизги түшүнүктөр

Ушу Жободо төмөнкү негизги түшүнүктөр колдонулат:

- Эмгек акысы – кызматкердин квалификациясына, иштин татаалдыгына, санына, сапатына жана аткарыла турган иштин, шартына ылайык сыйлоо, ошондой эле компенсациялык.
- Төлөөлөр (кошумча төлөмдөр жана үстөк акылар) жана стимулдаштыруучу төлөөлөр (сыйлыктар жана башка кызыктыруучу төлөлөөр).
- Кызматтык оклад – (айлык кызмат акы) – календардык айга жумушчу убактын саатынын нормасынын чегинде жана аныкталган татаалдыктагы, эмгектик (кызматтык) милдетин аткаруу үчүн кызматкердин эмгек акысын төлөөнүн белгиленген өлчөмү.
- Сыйлыктар – кызматкерлердин эмгегинин сапатын мотивациялоону жогорулатуу жана эмгектин көрсөткүчтөрү үчүн аларды сыйлоо максатында колледждин кызматкерлерин эмгек акы төлөмүнүн системасында каралган төлөөлөр.

## 3. Эмгек акы төлөмүнүн системасы

3.1. Колледждин кызматкерлеринин эмгек акысы төмөнкүлөрдүн негизинде аныкталанат:

3.1.1. №489 23 – август 2011-ж. КРнын Өмөтүнүн Токтомунун жана "Билим берүү уюмунун кызматкерлеринин эмгек акысын төлөөдө жаңы шарттарды киргизүү жөнүндө" №18. 18–Январь 2011–ж. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун негизинде АБП, ОТП, КТПтын кызматтык окладдардын белгилөө.

3.1.2. Окуу жылында окуу иштеринин 720 саат үчүн орто кесиптик билим берүүнү окутуучуларынын ставкасын белгилөө:

- жогорку билим – 5500 сом;
- магистр академиялык даражасын ыйгарылышы менен жогорку билим – 6000 сом.

3.2. КТП кызматкерлери – жыгач усталар, сантехниктер жана энергетиктер баалап иштөө жумушуна тартылышы мүмкүн.

3.3. Окутуучулар үчүн саатына төлөнүүчү эмгек акысы жана башка саатына төлөнүүчү шартында кабыл алынгандарга саатына төлөнүүчү эмгек акысы колдонулат.

3.4. Эмгек келишими боюнча кызматкерлерди тартуу.

## 4. Студенттерди дем берип кызыктаруу системасы

4.1. Колледждин студенттеринин эмгегин моралдык жана материалдык стимулдаштыруу максатында дем берип кызыктыруунун төмөнкү формаларын белгилөө:

- алкыш жарыялоо;

- алкыш айткан кат (алкыш айткан кат студенттин окуудагы жетишкендиги, спорттук мелдештердеги, конкурстардагы, олимпиадалардагы жеңиштери, колледждин коомдук иштерине активдүү катышкандыгы үчүн ата – энесине жиберилиши мүмкүн).

- ардак грамота (ардак грамота менен кароолордо, конкурстарда, предметтик олимпиадаларда, илимий конференцияларда, окууда жетишкен ийгиликтери жана колледжин Билим – Декадасында айырмаланган студенттер сыйлана алышат);

- материалдык сыйлык берүү – (студенттер материалдык сыйлыкты республикалык, шаардык деңгээлдеги предметтик олимпиададагы жетишкен жеңиштерине, окуудагы жетишкендигине, эл аралык, республикалык, шаардык мелдештерде жана спорттук спартакиядадагы жеңиштери, адистиги боюнча чемпионаттагы жеңиштери, университеттин жана колледждин коомдук иштеринде үлгүлүү көрсөткүчтөрү үчүн алышат).

4.2. Сыйлыка сунуштай алат:

- колледждин педагогикалык кеңеши;

- директордун ОИ боюнча, мамлекеттик тил боюнча, өндүрүштүк окуу боюнча орун басарлары;

- бөлүмдөрдүн башчылары;

- тайпанын куратору;

- колледждин студенттик өзүн өзү башкаруу кеңеши.

4.3. Сыйлоо үчүн төмөнкүлөр негиз болуп саналат:

- окууда жана кесиптик билим алууда жогорку көрсөткүчтөргө ээ болуу;

-өздүк чыгармачылык демилге жана аны колледждин коомдук турмушунда ишке ашырууну уюштуруу.

- студенттик өзүн өзү башкаруу органдарында активдүү иштер.

Сыйлоо жөнүндөгү көрсөтүлгөн чечим педкеңеш аркылуу кабыл алынат жана колледждин директорунун буйругу менен бүткөн формага келтирилет.

## 5. Кызматтык окладдарды жогорулатуу

5.1. Кызматтык окладдарды жогорлатуу И. Раззаков атындагы КМТУнун буйругунун негизинде жүргүзүлөт (эмгек акы жөнүндөгү буйруктар) (1-тиркеме).

5.2. Коллеждин кызматкерлерине үстөк акылар жана кошумча төлөмдөр уюштуруучу менен макулдашылып, директордун буйругу менен колледждин педкеңешинин чечими, ишмердиктин бөлүмдөрүнүн жооптууларынын сунуш кылуусунун негизинде, аныкталат. (өзгөртүлөт, жокко чыгартылат). Буйрукта көрсөтүлөт: Үстөк акы (кошумча төлөм) төлөнө турган кызматкердин фамилиясы, аты, атасынын аты, кызматы (аткарган иши), аныктоонун негизи, өлчөмү, керек учурда үстөк акынын төлөнө турган мөөнөтү, ошондой эле башка керектүү маалыматтар.

5.3. Колледжде №92 30.04.2003-ж "Билим жөнүндө мыйзамга" жана башка чектелген нормативдик актыларга ылайык үстөк акынын төмөнкүдөй түрлөрү аныкталат:

а) педагогикалык стаж үчүн:

- педагогикалык кызматтын 5 жыл стажысы үчүн – 10%;

- педагогикалык кызматтын 10 жыл стажысы үчүн – 20%;

- педагогикалык кызматтын 15 жыл андан аркы стажысы үчүн – кызмат акынын 30%.

б) №507 25.08.2011-ж. Кыргыз Республиканын Өкмөтүнүн Токтомуна ылайык, (берилген күндөн тартып) “Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими”, “Кыргыз Республикасынын Эл мугалими” ардактуу наамы үчүн.

в) №480 10.07.205-ж. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомуна ылайык кошо эсептегенде 25% чейин жыйнаштыруучуларга синтетикалык жуучу жана туалеттерди жыйнодо дезинфекциялоочу каражаттарды колдонгону, иштин спецификасы жана мүнөзү үчүн жогорулашы мүмкүн.

г) №258 27.04.2015-ж. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомуна ылайык иштин зыяндуу шаарты үчүн.

5.4. Кошумча төлөм – коллеждин кызматкерлердин эмгекте эң жогорку көрсөткүчтөргө жеткирүүгө, өзүнүн квалификациясын жана кесиптик деңгээлин жогорулатууга чыгарган стимулдаштыруучу кызыктыргыч мүнөздөгү акчалай төлөөлөр.

5.5. Колледжде кошумча төлөмдөр эмгекти стимулдаштырууга, аткарган иштердин материалдык кызыкчылыгын жогорулатууга, кызматкерлердин штаттык санын жогорулатуусуз иштин өсүүчү көлөмүн аткаруу максатында аныкталат.

5.6. Коллежде ай сайын кошумча төлөм аныкталат:

а) кураторлук иштин жүргүзүүгө (тиркеме)

- 15 адамга чейин;
- 16-25 адамга чейин;
- 25 адамдан жогору;

б) персоналдык кошумча төлөм-алдыга койгон тапшырмаларды аткарууда жоопкерчиликтүүлүккө жана өз алдынчалык даражага, татаалдыкка, аткарган иштин маанилүүлүгүнө жана башка факторлорго (тиркеме).

5.7. Иштин жыйынтыгы боюнча иштин сапатын жакшыртууну, эмгек ак ниеттүүлүк менен мамиле кылууну материалдык жактан стимулдаштыруу максатында сыйлыкка берилүүчү төлөмдөр жүргүзүлөт:

- бир жолу берилүүчү жана кезектеги акчалай сыйлыктар штаттык кызматты ээлеген колледждин кызматкерлерине белгиленет;

- 1 айлык иштин жыйынтыгы боюнча сыйлык, же (квартал, жарым жылдык, 9 айга, жыл).

Сыйлоонун негизги көрсөкүчтөрү болуп төмөнкүлөр саналат:

- мамлекттик майрам күндөрү;
- колледжде 3 жылдан кем эмес эмгек стажы барларга юбилейлик даталарга 50 жаштан (55, 60, 65, 70) баштап жана кесиптик майрамдарга байланыштуу бир жолу берилүүчү акчалай сыйлыктар.
- берилген мөөнөттө кызматкер тарабынан өзүнүн кызматтык милдетин ак ниеттүү жана ийгиликтүү аткаруусу;
- эмгекти уюштурууда замамбап формаларды жана методдорду колдонуу, демилге, чыгармачылык;
- колледждин уставдык ишмердигине байланышкан иш-чараларды сапаттуу даярдоо жана өткөрүү;

- коллеждин уставдык ишмердигине же жумуш процессин камсыздоо менен байланышкан тапшырманы аткаруу;
- эстеп-кысапты сапаттуу даярдоо жана өз убагында өткөрүү;
- жылдык эсеп-кысапты түзүү;
- кезектеги текшерүүлөрдүн, мам. аттестациянын, кароолордун ж.б. жыйыштыгы боюнча;
- ачык сабакты сапаттуу өткөрүү;
- коллежди жаңы окуу жылына даярдоо;
- окуу кабинеттеринде, чеберканаларда ж.б. үлгүлүү тартипти кармоо;
- берилген жумушчу мөөнөт ичинде манилүү иштерди, иш – чараларды ж.б. аткарууга катышуу;
- коллеждин имиджин жана авторитетин көтөрүүгө багытталган иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү;
- административдик жетекчи кызматкерлерге коллеждин чарбалык, окуу-тарбия ишмердигинде жогорку көрсөкүчтөрү боюнча;
- приоритеттүү эл аралык, улуттук долбоорлорду, максаттуу жана башка программаларды ишке ашырууга тикеден тике катышуу;

Көрсөтүлгөн сыйлыктар максималдуу өлчөм менен чектелбейт.

5.8. Стимулдаштыруу мүнөзүндөгү төлөмдөрдүн өлчөмү (анын ичинде сыйлыктар) минималдуу окладга (эмгек акысынын ставкасына) проценттик катышта жана обсалюттук мааниде бектилиши мүмүкүн.

5.9. И. Раззаков атындагы КМТУнун Финансы комитети менен макулдашууга ылайык кошумга төлөмдүн суммасынын 3.1.1, 3.1.2 пункттары боюнча директор аныктайт.

5.10. Эмгек акынын жалпы өлчөмү алганынан төмөн бекитилиши мүмүкүн эмес.

## 6. Эмгек акысынын фондун түзүү

6.1. КМТУнун Политехникалык колледжинде "Билим жөнүндө" Кыргыз Республиканын Мыйзамынын 43 ст. ылайык бюджеттен тышкары каражаттардын булагы болуп саналат:

- келишимдик негизде окуудан түшкөн өздүк каражаттар;
- башка кызматтардын түрүнүн эсебинен түзүлгөн каражаттар;
- жеке жана юридикалык жактан түшүүчү башка каражаттар.

6.2. Эмгек акынын фонду колледждин эмгек акы фондусунун атайын каражаттарынан түзүлөт.

6.3. Эмгек акынын бөлүштүрүү (штаттык тизим) Түзүүчүнүн И. Раззаков атындагы КМТУнун ректорунун атынан бекитилет.

6.4. Эмгек акы кызматкерлерге Ушу Жободо каралган тартипте жана өлчөмдө эсептелинет.

6.5. Эмгек акыны эсептөө үчүн төлөмдөгүлөр негиз болот:

И. Раззаков атындагы КМТУнун ректорунун колу коюлган жана бекитилген эмгек келишими, штаттык тизим, И. Раззаков атындагы КМТУнун буйруктары, колледждин директору бекиткен буйруктар жана жумушчу убактысынын эсепке алуу табели.

6.6. Толук эмес жумушчу убагында иштеген кызматкерлер эмгек акысы чынында иштеп бүтүргөн убагына эсептелет.

6.7. Кызматкерлерге эмгек акысы колледждин кассасында төлөнөт же эмгек келишиминде алдын ала көрсөтүлгөн шарттарына ылайык кызматкердин банктагы эсебине которулат.

## 7. Эмгек акыны төлөөнүн өзгөчө шарттары

7.1. Колледж И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин Уставына ылайык Түзүүчүнүн макулдугу боюнча финансы каражаттары бар болсо, Ушу Жобунун тиркемесине ылайык аныкталган штаттык түзүмдү жана кызматтык окладды өзгөртүүгө укуктуу.

7.2. Директор кызматкерлердин айрым категорияларына өзүнчө эмгек акы өлчөмүн өз алдынча аныктоого укуктуу:

- педагогикалык ишмердикте жогорку көрсөткүчтөрү илимий – изилдөө жана методикалык иши, чарбалык ишмердиги жана колледжди өнүктүрүүгө бир кыйла салым кошкондугу үчүн;

- кызматкердин квалификациялык иштеринин көрсөткүчтөрүнө жана сапатына, көлөмүнө байланыштуу;

- иштин орчундуу бөлүктөрүнө окуу-жардамчы персоналын жана инженердик-техникалык, административдик – башкаруу, ошондой эле илимий – изилдөө иштерин, окуу процессин камсыздоо үчүн жогорку квалификациялуу адистерди тартуу максатында.

7.3. Дисциплиналардык жаза алган кызматкерлерге сыйлык эсептелинбейт:

- себебсиз эле кызматка келбей коюу (жумушчу күн ичинде 3 саат катары менен орчундуу себепсиз кызмат ордунда жок болуу);

- жумушка алкоголдук, ууландыруучу же наркотикалык мас абалында келүүсү;

- директорду эскертпейт туруп жумуш күнүнө кечигип келүү;

- директордун көрсөтмөсүн аткарбоо;

- кызматкерге жүктөлгөн милдеттерди аткарбоо же жөнсүз аткаруу;

Директор кызматкерден жазаны өзүнүн демилгеси, кызматкердин суранычы же директордун орун басарынын жана бөлүмдөрдүн башчыларынын өтүнүчү менен мөөнөтүнөн мурда алып салууга укуктуу.

7.2. Ушу Жободо материалдык жардам болуп (акчалай же буюм формасында) өзгөчө кырдаалдык шаартка байланыштуу коллеждин кызматкерлерине көрсөтүлүүчү жардам саналат.

7.5. Өзгөчө болуп өмөнкү шарттар эсептелет:

- күйөөсүнүн, аялынын, уулунун, кызынын, атасынын, энесинин, агасынын, эже-карындашынын каза болуусу;

- ден соолугуна жана/же башка шарттар боюнча, үй – бүлөлүк шарттарга байланыштуу айрым кызматкерлерге көсөтүлгөн материалдык жардам.

7.6. Материалдык жардам кызматкердин өзүнүн арызы боюнча директордун буйругунун негизинде колледждин эмгек акы фондун экономдоо эсебинен төлөнөт.

7.7. **Материалдык** жардам кызматкердин өзгөчө шарттардын келгенин тастыктаган документтерди көрсөткөндө берилет.

Көрсөтүлгөн буйрук директордун буйругу менен фомага келтирилет.

## 8. Корутунду жоболор

8.1. Ушу Жобо бекитилген учурдан тартып күчүнө кирет жана өзүнүн күчүн 5 жылга чейин сактайт.

8.2. Ушу Жобого өзгөртүүлөр коллеждин финансылык абалын эске алуу менен жыл сайын же аны өркүндөтүү максатында киргизилет.

8.3. Ушу Жободогу өзгөтүүлөр И. Раззаков атындагы КМТУнун профсоюздук комитети жана финансы комитети, Түзүүчү менен макулдашылат.

КМТУнун Политехникалык
колледжинин педкеңешинин
жыйынында эмгек акы
жөнүндө Жобо каралды

Буйрук № “___” ____20__ж

Эмгек акы
жөнүндө Жобо
макулдашылды:
Юрист Жумакеев А.Б.

__________________

№ “___” ____20__ж